***DOI:10.26104/NNTIK.2023.44.81.053***

***Таиров Х.Р.***

## АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ – УЛУТТУК САЯСИЙ ЛИДЕР

***Таиров Х.Р.***

## АБЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ – НАЦИОНАЛЬНЫЙ ПОЛИТИЧЕСКИЙ ЛИДЕР

***Kh. Tairov***

## ABDYKADYR OROZBEKOV IS A NATIONAL POLITICAL LEADER

*УДК: 94 (575.2)*

*Адамзаттын тарыхы нечендеген даанышмандардын, падышалардын жана жетекчилердин ишмердүүлүгүнө күбө. Бирок элдин, урпактардын эс тутумунда биринчи кезекте бийик адамгерчиликти туу туткан инсандар калат. Мына ушундай инсандардын сап башында Кадамжай районунан чыккан көрүнүктүү коомдук жана саясий ишмер, улут лидери Абдыкадыр Орозбеков турат. Эли, жери үчүн өмүрүн арнаган Абдыкадыр Орозбековду кадырлап барктоо, анын ысымын, жасап кеткен иштерин келечек муундарга түбөлүк калтыруу баарыбыздын милдетибиз. Анын саясаттагы тазалыгы, мамлекет үчүн өмүрүн арнагандыгы, мекенчилдиги, бүгүнкү жана келечектеги муундар үчүн өрнөктүү сабак болоору талашсыз. Макалада кыргыз элинин улуттук лидерлеринин бири А. Орозбековдун тарыхтагы ордун, жеке инсандык касиеттерин, саясий ишмердигин, улуттук духунун күчтүүлүгүн, коомчулукка, айрыкча жаш муундарга жайылтуу каралды. Ошондой эле бул макалада экономикалык багыттагы маселелерге эмес, саясий жана социалдык багыттагы маселелердин орчундууларына гана көңүл бурулду.*

***Негизги сөздөр:*** *улуттук саясий лидер, саясатчы, облус, автономия, республика, аткаруу комитетинин төрагасы, улуттук мамлекеттүүлүк, репрессия, массалык репрессия.*

*История человечества является свидетелем деятельности многих мудрецов, царей и лидеров. Однако в памяти народа и потомков останутся прежде всего люди, несущие знамя высокой человечности. Во главе таких людей стоит,вышедщий из Кадамжайского района, Абдыкадыр Орозбеков – видный общественно-политический деятель, национальный лидер. Наш долг – почтить память Абдыкадыра Орозбекова, посвятившего свою жизнь своему народу и землю, и навсегда оставить его имя и дела для будущих поколений. Нет сомнений, что его чистота в политике, самоотдача жизни стране и патриотизм станут образцовым уроком для сегодняшнего и будущих поколений. В статье рассмотрены место А.Орозбекова в истории, становлении кыргызской государственности, а также обратили внимания на политическим и социальным вопросам республики, а не экономическим вопросам.*

***Ключевые слова:*** *национальный политический лидер, политик, область, автономия, республика, председатель исполнительного комитета, национальная государственность, репрессия, массовые репрессии.*

*The history of mankind bears witness to the activities of many sages, kings and leaders. However, what will remain in the memory of the people and descendants, first of all, are the people who carry the banner of high humanity. At the head of such people is Abdykadyr Orozbekov, who came from the Kadamzhai region, a prominent social and political figure, a national leader. Our duty is to honor the memory of Abdykadyr Orozbekov, who dedicated his life to his people and land, and forever leave his name and deeds for future generations. There is no doubt that his purity in politics, dedication to his country and patriotism will become an exemplary lesson for today and future generations. The article examines the place of A. Orozbekov in history, the formation of Kyrgyz statehood, and also paid attention to the political and social issues of the republic, and not to economic issues.*

***Key words****: national political leader, party committee, politician, region, autonomy, republic, chairman of the executive committee, national statehood, repression, mass repression.*

Ар бир жердин, элдин урмат сыйына арзырлык улуу инсандары болот. Улуу муундагы чыгаан инсандардын тарыхын ар тараптуу жана калыс изилдөө биздин ыйык милдеттерибиздин бири. Мына ушундай инсандардын сап башында Кадамжай районунан чыккан көрүнүктүү коомдук жана саясий ишмер, улут лидери Абдыкадыр Орозбеков турат. Ал өзүнүн майтарылгыс эрки менен өзүнө жүктөлгөн милдеттерди, саясий коомдук иштерди кылдаттык менен аткарып, мамлекеттин түптөлүшүнө эбегейсиз чон салым кошкон.

Илимде улут лидери түшүнүгү философиялык өзгөчөлүктөргө ээ. Улуттун лидери дегенде тарыхый жактан өнүгүп келе жаткан универсалдуу социалдык-маданий көрүнүш экендигин түшүнөбүз. Эң башкысы XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүн негиздөө, мамлекетти ар тараптан бекемдөө ошол учурдагы кыргыздардын улуттук лидерлеринин түпкү максаты болгон [1]. Кыргыз эли кылымдар бою мамлекеттүүлүккө ээ болууну самап келген. Борбор Азия чөлкөмүнүн тарыхый окуяларына активдүү катышкан түпкүлүктүү кыргыз калкы XX кылымдын башына чейин өзүнүн мамлекетин кура алышкан эмес. Анткени ар түрдүү уруулардан куралган кыргыздарды бириктирип, бекем мамлекет түзүүгө чакырган күчтүү лидердин жоктугу болгон. Мындай кырдаал кыргыздардын саясий тагдырына оор кесепеттерди алып келген. Ушул жана башка объективдүү, субъективдүү себептерден улам кыргыз эли саясийда, аймактыкта бытырандылыкта күн кечирип жүрүп, Оруссия падышачылыгынын курамына бириктирилди.

Кыргыз калкынын тагдырындагы татаал бурулуш Совет доорунун мезгилинде болду. Улуттук мамлекеттүүлүк идеясы жана практикасы Кара Кыргыз облусун түзүү менен башталган. Саясий оор кырдаалга карабастан өзүнчө мамлекет түзүү аракети ошол учурдагы кыргыз элинин мыктылары тарабынан жүргүзүлө берген. Мындай туруктуу кадамдар, мамлекет

түзүүгө багытталган умтулуу акыры 1924-жылдын 14-октябрында Кара Кыргыз автономиялуу облусун түзүү менен аяктаган [1]. Алар бул максатты совет мамлекетинин алкагында большевиктик коммунисттик идеологиянын нугунда ишке ашырышты. Мындай өзгөрүүлөр ар кыл деңгээлдеги жана мүнөздөгү көйгөйлөрдү чечүү аркылуу жүргөн. Макалада экономикалык маселелерге эмес, саясий жана социалдык маселелердин маанилүүлүгүнө токтолобуз. Себеби, ал маселелер ошол учурдун тарыхында гана орун албастан азыркы мезгилдеда өзүнүн маанисин жоготкон эмес.

А. Орозбеков жана аны менен пикирлеш адамдардын тагдыры кыргыз тарыхынын түпкүрүнөн бери келе жаткан көп кырдуу, көп мүнөздүү элдик башкаруу тутуму менен байланышкан. Бул тутумдун негизи уруулук мамилелерде болгон. Ушул тутумдан жаңы граждандык мамилелерге негизделген саясий система түзүү өтө татаал жумуш экендигин тарыхый тажрыйба көрсөттү. Урууучулук фактор жаңыдан түзүлүп келе жаткан мамлекеттик органдардын иштерине терс таасир эткендигин тастыктаган архивдикда, тарыхыйда материалдар өтө эле арбын жана ал материалдар ар түрдүү деңгээлде изилденген [2].

Эми аймактарга жана улуу инсандарга токтолсок. Кыргызстандын Түштүк-Батышы өзгөчө аймак болуп эсептелет. Жери катаал болгондугуна карабастан, элдери абдан иштерман болушат. Тарыхыбызда маалым болгондой аталган аймак көптөгөн мыкты инсандарды жаратты. Америка Кошмо Штаттарынын эли өзгөчө үч мамлекет башчысы менен сыймыктанат: Рузвельт, Джефферсон, Кеннеди [3]. Кыргыз эли да алар сыяктуу мамлекеттүүлүктү түптөөгө, чыңдоого салым кошкон өзүнүн тарыхый үч инсаны менен сыймыктана алат, алар: А. Орозбеков, И. Раззаков, А. Масалиев. А. Орозбеков XX кылымдын башында кыргыз мамлекетинин пайдубалын түптөгөн улуттун лидери. И. Раззаков болсо, Кыргызстанга кыйын (Ата Мекендик согуштан кийинки) учурда жетекчилик кылган, өлкөбүздүн ар тараптуу өнүгүшү үчүн өз күчүн, билимин аябаган мекенчил, саясий ишмер. Ал эми А. Масалиев болсо, республикадагы алгачкы демократиянын атасы, таза саясаттын залкары жана тазалыктын үлгүсү болгон инсан катары кыргыз тарыхында орду бар [3].

Абдыкадыр Орозбековдун өзгөчө мүнөзү анын чечкиндүүлүгүндө болгон. Ага мисал катары, Кадамжайдын Үч-Коргонунда революциялык комитеттин башчысы болуп турганда Фергана гарнизонунун башчысы Сафоновдун жергиликтүү калкты басмачылардын катарында кырып жок кылуу жөнүндөгү жаңылыш буйругун жокко чыгарып, чечкиндүү каршылык көрсөткөн. Ошентип, Исфайрам-Сай жана Ак-Суу боюндагы калкты күнөөсүз жерден жок кылуу жөнүндөгү туура эмес, жаңылыш буйрук токтотулган. «Аксакал» деген атка ээ болгон Абдыкадыр Орозбеков ички жана сырткы түрдүү багыттагы акыйкатсыздыкка каршы күрөшүп, карапайым элдин мүдөөсүн коргогон. Таптык күрөштүн мезгилинде көрө албагандар аны күнөөсүз жерден эле партиянын саясатына, мамлекеттин ишине карама-каршы коюшуп, өзүлөрүнүн максаттарын жүзөгө ашырышкан. 1937-жылдын 7-ноябрында А. Орозбеков, Т. Айтматов, Н. Усов, Б. Исакеев ж.б. менен бирге репрессиянын курмандыгына айланышты, 1956-ж. гана А. Орозбековго коюлган айып алынып, дүйнөдөн өткөндөн соң анын партиялуулугу калыбына келтирилген.

А. Орозбеков өзүнүн өмүр жолунда орус падышалыгынын колониялык саясатынын жана жергиликтүү төбөлдөрдүн аесуз эзүүсүн өз башынан өткөргөн. Ошол себептен, ал жаңы заманды чын ыкластан колдоп, ага бүт өмүрүн, күч аракетин арнаган. Партия менен жаңы өкмөт, А. Орозбековдун социалисттик курулушта сиңирген эмгегин, граждандык согуш мезгилиндеги, контрреволюциячыл күчтөр менен күрөштөгү каармандыгын баалап, бир топ сыйлыктар менен сыйлаган :

1. А. Орозбеков 1924-жылы Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 7 жылдык майрамын белгилөөдө Фергана өрөөнүндө биринчилерден болуп, Кеңеш бийлигин орнотуп, аны чыңдоодо, басмачыларды талкалоодогу эр жүрөктүгү үчүн Түркстан Коммунисттик партиясынын Алтын төш белгиси менен сыйланган.

2. 1932-жылдын январында Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) Грамотасы, «Маузер» аскер куралы жана ошону менен бирге мотоцикл менен сыйланган.

3. 1932-ж. 3-майында Кыргыз АССРинин БАКтынын жана Эл Комиссарлар Советинин (ЭКС) биргелешкен отурумунда А.Орозбековдун басмачылар менен болгон күрөштөгү кужүрмөндүгү жана компартиянын генералдык багытын туура багытта ишке ашыргандыгы үчүн Өзбек ССРи тарабынан «Эмгек Кызыл Туу» ордени (Союздук маанидеги эмес, ошого окшош Өзбек ССРинин ордени) менен сыйланган. Бул сыйлыкты Өзбек ССРинин ЭКСинин өкүлү А.Мухаметов расмий түрдө тапшырган. Мындай жогорку мамлекеттик сыйлыкты өзүбүздүн өкмөт эмес, коңшулаш Өзбекстандын өкмөтү бергендиги абдан өкүнүчтүү.

Элдин, партия менен өкмөттүн дагы бир сый урматы дал ошол 1932-жылы Кыргыз АССРинин 5-жылдыгына арналган маарекедеги, А.Орозбековдун БАКтын төрагасы болуп эмгектенишинин 5 жылдыгы жогорку деңгээлде белгиленет. Ошентип 1932-жылдын январында Кыргыз АССРинин БАКтынын атайын өткөрүлгөн сессиясында азыркы Кадамжайдын Үч-Коргон айылын Орозбековабад деп атап, Суухана айылындагы колхозго Орозбековдун аты берилген, Кызыл-Кыя району болсо Орозбеков атындагы район деп аталып калган [4]. Абдыкадыр Орозбеков 1932-жылы

«Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган жана өмүрүнүн аягына чейин Кыргыз ССРинин БАКтынын төрагасы болуп иштеп турган. «Кыргызстандын Автономдук Республикадан Союздук Республика болуп кайра түзүлүшүндө А.Орозбековдун үлүшү чоң», - деп жазышат илимпоз тарыхчыларыбыз [5]. А.Орозбеков өмүрүнүн соңуна чейин партиянын, мамлекеттин, элдин ишине чын ыкластан берилген инсан бойдон калган.

А. Орозбеков Кыргыз ССРинин айыл-чарбасын, өнөр жайын жөнгө салуу жана өнүктүрүү менен биргеликте, биринчи орунда өлкөдөгү социалдык маселелерге көп көңүл бурган. Жарандардын социалдык абалын оңдоо жана жакшыртуу максатында 1937-жылы республикабызда оңдогон төрөт үйлөрү, жүздөгөн фельдшердик пункттар, врач участоктору, оорукана-лар ачылган. Ошол мезгилде көптөгөн санаториялар, эс алуу үйлөрү, пионер лагерлери курулган. 1600 дөй мектептерде 265 миңден көп окуучу билим алган. Алардын көпчүлүгүн кыргыз балдары түзгөн. Ошол мезгилде жашы чоңдордун 60% сабатсыздыгы жоюлган. Бул иштерге түздөн-түз катышкандыгы тууралы-да А. Орозбеков төмөндөгүдөй эскерет: «Кыргыз арип-терин түзүүгө катыштым, басма жана агартуу иштерин кеңири жайылтууга жетекчилик кылдым» [5].

Тарыхый булактардын негизинде А. Орозбеков мамлекеттин башчысы катары К.Тыныстанов баш болгон илимпоздорубузга илимди өнүктүрүү үчүн материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүп турган [5].

Кыргызстанда колдонулуп келген араб алфавитинен латын арибине өтүү үчүн комиссияны А.Орозбеков өзү жетектеген. Ошол мезгилде республикада 2 кесиптик жогорку окуу жай, 12 орто кесиптик окуу жай, 4 рабфакультет ачылган. 5 республикалык мааниДеги, 38 райондук деңгээлдеги газеталар, 3 журнал 160 миң нускада басылып чыгып турган. Жалпы нускасы 7 млн. ашык 1356 аттагы китептер басылып чыккан. 1936-жылдын акырында өлкөбүздө 16 театр, 3 филармония, 157 кинотеатр болгон [2]. Мунун өзү ошол оор учурдагы А. Орозбековдун билимге, илимге жана социалдык маселелерге болгон эбегейсиз чоң салымы десек аша чапбайбыз.

1926-жылы 8-ноябрда М. Калининдин төрагалыгында өткөн Бүткүл Россиялык БАКтынын 12-чакырылышынын 3-сессиясында А.Орозбеков кеңири доклад жасаган. Анда ал жалпы кыргыз калкына эркин билдирүү менен кыргыз элинин көп кылымдык тарыхы, өзүнө тиешелүү салт-санаасын, улуттук маданияты бар экендигине токтолуу менен бирге «кара кыргыз» деп аталып келе жаткан кыргыздарды казактар (кыргыз-казак) менен алмаштырып айтылуусунун өзү туура эместигин баса белгилеп, улуттар арасындагы ынтымакты күчөтүү аракеттери көрүлүп жаткандыгын көрсөттү. Ошону менен бирге көптөгөн ишенимдүү фактыларга ылайык Кара Кыргыз автономиялык облусунун ордуна Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасын түзүү жөнүндөгү өтүнүчүн билдирген. Сессия бул сунушту эске алып, 17 адамдан турган атайын комиссия түзүлүп (арасында мүчө катары А. Орозбеков өзү бар болгон) жыйынтыгында 1927-ж. 15-апрелинде болгон Бүткүл Россиялык БАКтын 13-съездинде Кара Кыргыз автономиялык облусунун ордуна Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялык Республикасы болуп түзүлгөн.

Түзүлгөн Республиканын бардык иш-аракеттерин мыйзамдуу түрдө жөнгө салуу үчүн укуктук база өтө зарыл экендигин А. Орозбеков абдан жакшы түшүнгөн. Ошол себептен, А.Орозбеков Республиканын Конституциясын иштеп чыгып даярдоо керектигин өз колуна алган. Атайын жумушчу топ түзүп алар менен биргеликте Конституциянын долбоорун даярдашып, анан аны кабыл алышкан. Бул Конституцияда мамлекеттин түзүлүшү, формасы, кыргыз калкынын түпкү тилеги мамлекетте жашаган элдердин тең укуктуулугу, алардын акысыз билим алуу укугу, шайлоо системасы ж.б. көптөгөн маселелер камтылган. Ал эми 1936-ж. Кыргыз ССРнин жаңы Конституциясынын долбоорун даярдоо боюнча атайын комиссиянын төрагалына Кыргыз АССРинин БАКтынын төрагасы А.Орозбеков эмес, Кыргыз АССРинин обкомунун биринчи катчысы М.Белоцкий дайындалып калган.

Ушул учурдан баштап А. Орозбековго багытталган кара булут айланып баштаган жана бул мезгил анын төрагалык милдетинин акыркы мезгили болгон. А. Орозбековдун 1937-жылы борбордук басма сөз каражаттарында эки чоң макаласы жарык көргөн.

1. «Торжество возрожденного народа» деген ат менен 20-мартта «Советская Киргизия» газетасына жарыяланган. Анда Кыргыз АССРнин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүүсүн даңазалаган.

2. СССРдин БАКтынын органы болуп эсептелген «Известия» газетасына жарык көргөн жана ал макала «Золотое руно» деп аталган. Мында автор жаңы түзүлгөн Кыргыз АССРинин эл чарбасынын 3-беш жылдыкта өнүктүрүү маселелерин көтөргөн [6].

Бул макалалар элдик жетекчинин, А. Орозбековдун абройун дагы көкөлөтүп, күн нуру сыяктуу саясий чөйрөдө кайрадан жарк эткен.

1937-жылдын 23-мартындагы Кыргыз ССРнин Кеңештеринин кезексиз V Бүткүл кыргыз курултайы БАКтын тез арада жаңы Конститутцияга ылайык «Шайлоолор жөнүндө жобону» түзүүнү жана Жогорку Кеңешке шайлоо мөөнөнтүн тактап, бекитүүнү тапшырган [6]. Себеби, Конституциянын долбоорун иштеп чыгууда «Атуулдардын укугу жана шайлоо системасы» бөлүмүнө А.Орозбеков төрага болгон чакан комиссия даярдаган. Ошол учурда А.Орозбеков мурдагыдай эле өлкөнүн саясий иштерине активдүү түрдө аралаша алган эмес. Анткени мындай абал ага болгон чектөөдөн келип чыккан эле. Бул документти кыска

мөөнөттө даярдашып, СССР БАКты Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешине шайлоолорду 12-октябрдан баштап, 12-декабрга чейин өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Мындай өнөктүктөр А. Орозбековдун катышуусу жок өтөт. Себеби ал ошол учурда (аны 8-сентябрда) кызматынан бошоп, камакка алынган болчу.

А. Орозбеков дээрлик 12 жыл аралыгында Кара Кыргыз автономдуу областынын Аткаруу комитетинин уюштуруучусу, Кыргыз АССРнин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүшүнүн бирден-бир негиздөөчүсү болгон. Ал жаңы Конститутциянын долбоорунун атайын бөлүгүн иштеп чыгып, кезексиз курултайда кабыл алынышына өз салымын кошкон. Жаңы түзүлгөн Конституцияда бардык жарандардын тең укуктары-эмгекке, эс алууга, сөз, басма сөз эркиндиктерине ж.б. жол берилген. А. Орозбеков өзү жазган эркиндиктерге гарант болгон жаңы Конституция аны жарандык укуктарынан мыйзамсыз ажыратып, ошол системанын курмандыгы болду. Чындыгында бул элибиз үчүн орду толгус оор жоготуу. Ушул өңүттөн карасак, оор турмушту башынан өткөзүп, элине жасаган ак эмгеги менен Абдыкадыр Орозбеков биз менен түбөлүк бирге жашайт деп ишенимдүү айта алабыз.

Ошентип, акыркы жылдары саясий лидерликке болгон көз караштардын өзгөрүүсү байкалып жатат. Анткени азыркы дүйнөнүн саясий, социалдык жана экономикалык абалына жараша лидерликтин ролу да өзгөрүлөт. Башкача айтканда, саясий лидердин башкы ролунун өзгөрүшү бүтүндөй саясий лидерлик институтуна болгон мамиленин өзгөрүүсүнө алып келет деп ишенем.

Биздин көз караш боюнча лидерлик коомдо маанилүү ролду ойногон фактор катары каралышы керек. Алар саясий милдеттенмелерин аткаруу үчүн шарттарды камсыз кылуу максатында максималдуу күч-аракетин жумшоого ниеттенишет. Белгилүү болгондой, байыркы доорлордон бери философтор лидерликке ыктаган адамдарга өзгөчө көңүл буруууга, өзгөчө багытта тарбиялоого чакырышкан. Убакыттын өтүшү менен бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартыштарды жараткан түшүнүктөр жана теориялар көбөйдү.

Абдыкадыр Орозбековдун лидерлик ролун баалабай коюга болбойт. 1920-1930-жылдарда мамлекеттүүлүктү түптөө, аны ар тараптан өнүктүрүү жана бекемдөө милдети Абдыкадыр Орозбековго жүктөлгөн.

А. Орозбековдун өмүр жолу, ишмердиги тууралуу бир аз эмгектер жарык көргөн. Ысымы Кыргыз тарыхынын барактарында орчундуу орунду толук ээлей элек. Азыркы күндө анын эстелиги борборубуздун эң сыйлуу жеринде – Кыргыз мамлекетин түзүүчүлөрдүн аллеясында орнотулган. Өзү туулуп өскөн Кадамжай районунун райондук администрациясынын алдында эстелиги коюлган. А. Масалиев айыл аймагындагы бир мектепке аты берилген. Учурда мамлекеттик ишмер туулган Охна айылы жайгашкан аймак Орозбеков айыл аймагы деп аталып, айылда Абдыкадыр Орозбеков атындагы чакан музей бар.

Биздин оюбузча, лидерлик өнүгүп келе жаткан коомдо маанилүү ролду ойногон фактор катары каралышы керек. Ошондуктан, коом улуттук саясий лидерлерге өз милдеттерин аткаруу үчүн шарт түзүүсү зарыл.

Улуттук саясий лидер дегенде мамлекеттин, өлкөнүн, улуттун келечегин көрө билген, элинин келечегине кам көргөн мамлекеттик жетекчини түшүнөбүз. Улуттук лидердин айткан сөзү менен аткарган иши дал келген, өзүнүн жеке кызыкчылыгынан мамлекеттин кызыкчылыгын жогору койгон, тазалыгы менен башкаларга өрнөк боло алган, уурулук, коррупциялык иштерге аралашпаган адам болушу керек.

А. Орозбековун өмүр жолу, аткарган иштери: мамлекеттүүлүктү түптөөгө кошкон салымы, аны бекемдөө жана өнүктүрүү үчүн аткарган эмгеги, анын чыныгы улуттук саясий лидер экендигин көрсөтүп турат.

Ошондуктан Абдыкадыр Орозбековдун Кыргыз мамлекети үчүн жасаган эмгектерин элге жайылтуу менен ага «Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген наам ыйгарууну туура деп эсептейбиз.

Макаланын материалдарын талкуулоодо көптөгөн кеп-кеңештерин берген жана менин илим-изилдөө иштеримди жүргүзүүгө дайыма колдоо көрсөтүп турган агайым профессор М.М. Тайыровго ыраазычылыгымды билдиремин.

**Адабияттар:**


1. Исаков И. Абдыкадыр Орозбеков. - Кадамжай, 1995. - 52 б.
2. Абдыкадыр Орозбековдун Кыргыз Совет мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүндөгү орду. - Б., 2019. - 324 б.
3. Исаков К.А., Бердиев А.Т. Катаал мезгилде кайнап чыккан улуу инсан Абдыкадыр Орозбеков. / Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2019. - №10, 71-74 б.
4. Советская Киргизия, 1932, 8-май. - №105.
5. Бекмурзаева Г.К. Абдыкадыр Орозбеков – Кыргызстандын мамлекеттик ишмери, канд. / Диссертация - Б., 2015.
6. Абдыкадыров К. Кыргызстандын биринчи мамлекетинин башчысы жөнүндө «Эркин Тоо», 2009. - №47-48.